**Кубаныч Сатаев - Тай Бөбөк**

с. Жылдызбек Турсунбаев
о. Кубаныч Сатаев

Төрөлгөндө үйүбүзду шаң кылган,
Мээрим отун жандырган.
Бажырайган жүзүңө,
бал татыган тилиңе,
Болупкетем жан курман,
Болом дайым жан курман.

***КАЙЫРМА:***

***Тай, тай, тай, тай, тайбөбөк,***
***Таңчолпондойжанбөбөк.***
***Эртең эле чоңоюп,***
***Эр жигит бол торолуп,***
***Эл батасын ал бөбөк,***
***Иий... Тай, тай, тай бөбөк.***

Эрмегимсиң эркетайым, кичинем,
Эзилемин ичимен.
Көздөрүңдү көрсөм деп,
Белек алып берсем деп,
Шашып барам ишимден.
Шашып барам ишимден.

***КАЙЫРМА:***

Жарымысың күйүп турган жанымдын,
Жалынысың канымдын.
Тулпары бол жердеги,
Шумкары бол көктөгү,
Эркин Кыргызстаныңдын,
Эркин Кыргызстаныңдын!